*УДК 37.091.33:811.512.154.*

***Т.Т. Халилова,***
*Баткен Мамлекеттик Университетинин окутуучусу,*
*Баткен, Кыргызстан,*
*e-mail: ainazik.marjan@mail.ru*

# ИНТЕГРАЦИЯЛАНГАН САБАК

***Аннотация.*** *Интеграциялап окутуу – азыркы учурдун талабына ылайык эң керектүү ыкма болуп саналат. Предметтерди интеграциялоо менен бирге окуучулар дүйнөнү бир бүтүн нерсе катары окуп үйрөнүшөт. Окутуунун бул ыкмасы окуучулардын ойлоо жөндөмдүүлүгүн кеңейтип, активдүүлүккө, акыл-эстүүлүккө, алган билимдери практикалап көрүп, аны эс-тутумунда сактоого, баатырдыкка, гумандуулукка, толеранттуулукка, педагогикалык жактан да, психологиялык жактан да, туура тарбиялоого багыт берет.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *интеграциялап окутуу, фразеологизм, окуучу, сөз, тил, кыргыз тили менен кыргыз адабияты.*

***Аннотация.*** *В наше время интеграционный метод обучения очень полезен и необходим для всех учащихся. Изучая предметы интеграционным методом, студенты могут изучить весь мир как единое целое. Этот метод обучения расширяет мышление студентов, побуждает их к активности, разумности, применению полученных знаний на практике и запоминанию этих знаний, к героизму, гуманизму, толерантности, воспитанию как педагогически, так и психологически.*

***Ключевые слова:*** *интеграционный метод обучения, фразеологизм, ученик, слово, язык, кыргызский язык и кыргызская литература.*

***Abstract.*** *Nowadays the integration is very useful and necessary for all pupils. Studying integration of objects students can study the world as a unit. Such method of tutoring channelizes students to be keeping an open mind, to be active, to be smart, to practice and remember the acquired knowledge, induces to courage, humanity, tolerance, to be well-mannered pedagogically and psychologically.*

***Key words:*** *integration method of tutoring, phraseological unit, pupil, word, language, Kyrgyz language and Kyrgyz literature.*

«Заманы бөрү болсо, бөрү бол…»- дегендей замандын өнүгүүсү менен окуу процессинде да окутуунун ар түрдүү ыкмалары пайда болууда. Биз буга чейин негизинен салттуу сабактарды гана өтүп келгенбиз. Окуучуларга жеткиликтүү, жемиштүү билим берүүдө мугалимдердин чыгармачылык жөндөмдүүлүгүнө карата сабактардын салттуу эмес ыкмалары көбөйүүдө. Окуу жүктөмүнүн көп болгону менен пайдалуу жагынын аз болгондугуна байланыштуу азыркы учурда интеграцияланган сабактарды өтүү окуучуларга көбүрөөк пайда алып келүүдө. Интеграцияланган сабак – бул азыркы учурда эң керектүү болгон сабактардын бири. Мында окуучуларга биз ар тараптуу, толук, жеткиликтүү, максаттуу билим берүүгө жетише алабыз. Предметтерди интеграциялоонун максаты окуучулардын ойлоо жөндөмдүүлүктөрүн өстүрүү, дүйнөнү «бүтүн» жана толук бойдон кеңейтилген формада кабыл алуу.

Кыргыз тили менен кыргыз адабияты бири-бири менен бекем ажырагыс байланышта турат, кыргыз тилисиз кыргыз адабиятын элестетүүгө мүмкүн эмес. Бул предметтер бирдикте болгондо гана окуучуларды өз тилинде эркин сүйлөөгө, кеңири ой-жүгүртүүгө, кыргыз элинин каада-салтын, үрп-адатын, маданиятын анын басып өткөн жолун эстеринен чыгарбоого үйрөтөт, дайыма аларды мисал катарында колдонуп, практика жүзүндө да турмуштан көрө алышат.

Тил – бул адамдардын байланышуучу негизги куралы болуп саналат, тилсиз эч бир нерсени туура түшүндүрүүгө мүмкүн эмес. «Тилсиз эл болбойт» - деген макал элибизде бекеринен айтылып жүрбөсө керек. Бардык филологиялык илимдерди окутууда тили менен анын адабиятын биргеликте кароо зарыл. Тили туура жазууга, туура сүйлөөгө үйрөтсө, адабияты окуучунун жаш өзгөчөлүгүнө карата адам болууга туура тарбиялап, тепкичтен-тепкичке көтөрүлүп бара берет. Туура ой-жүгүртүүгө, кебин өстүрүүгө, чыгармалардын ичиндеги ар бир сөзгө маани берип, кыргыз тилинин жардамы менен андагы макал-лакаптардын,

учкул сөздөрдүн фразеологизмдердин маанисин чечмелеп, кыргыз элинин муундан-муунга өткөрүлүп берилип келе жаткан үрп-адаттар, кыргыз элинин көчмөн турмушу менен таанышып, кыргыз эли башынан кандай күндөрдү кечиргенин окуп үйрөнүшүп, азыркы учурдагы жашоо менен салыштырып кеңири айтып берүүгө үйрөнүшөт. Мисалы: кыргыз тилиндеги энчилүү аттарды өткөндө «Манас» эпосунан үзүндүлөрдү алып, аларды жаттоо менен бирге, энчилүү аттарды таап аларды айтып бере алышат, бир эле убакта энчилүү аттарды да табышып, чыгарма менен да тааныша алышат. Интеграциялап окутууда окуучулардын окууга болгон кызыгуулары жогорулап, изденүү менен окушуп, предметтерди тереңден окууга шарт түзүлөт деп ойлоймун.

Энчилүү аттарды жөн эле китептеги мисалдын ичинен таптырып жаздырып коюуда сабакка болгон кызыгуу жоголуп окуучу ата-энесине мактанып баруу үчүн, баа үчүн гана окуп калат, ал сабак бүткөндөн кийин аны унутуп калышы да ыктымал. Негизинен алганда кыргыз тилин жеке адабияты менен интеграциялап өтпөстөн, бардык эле предметтер интеграциялап өтүү, аны практика жүзүндө колдонтуп окутуу окуучуну аябай шыктандырып, анын ичинде уктап жаткан сезимдерин түрткүлөп ойготуп, келечектин ээсин тарбиялоого жардам берет, антпесек мектептен качкан гана окуучуларды көрүп калдык.

Мектепке киргендеги алгачкы тепкичтен баштап эле окуучулар эне тилин окуп башташат. Ушул убактан баштап эле окуучулар текст менен иштөөгө, ойлоо жөндөмдүүлүгүн өстүрүүгө, эстетикалык жактан кабыл алууга үйрөнүшөт, көрсө мектеп босогосун аттагандан баштап эле предметтерди интеграциялап окутуп, балдарды ошол ыкма менен окутууга үйрөтсөк болот экен, мындай ыкма менен окуу жүктөмдөрү эле азайып калбастан, окуучуларды мектепке тартуу да оңойлоп калчудай. Кыргыз тилинин жардамы менен окуучулар адабияттагы тексттер менен иштөөгө, текстке анализ берүүгө, бөлүктөргө бөлүүгө, тексттин темасын анализдөөгө, окуучу мугалимдин жардамы менен текст түзүүгө мүмкүнчүлүк алат. Андан кийинки класстарда татаал жана ар түрдүү типтеги жазылган тексттер менен иштеп баштап ошол тексттин темасы менен идеясын, андагы камтылган ойду, кептин маданиятын, тибин, кайсы жеринде кандай тыныш белгилер коюлаарын, аны кандай тон менен окуш керек экендигин кыргыз тилинин жардамы менен үйрөнүшөт. Тексттин ичиндеги төл жана бөтөн сөздөрдү, автор кайсы жерине, кайсы сөздүн ичине кандай ойлорду камтыган, кандай символдорду эмнеге карата колдонгонун кыргыз тили менен кыргыз адабиятын интеграциялап бирге өткөндө гана окуучуларга кеңири жана ыңгайлуу шарттарды түзүп берип, алардын оюн толук угуп ошонун натыйжасында тексттерди талдап, талкуулап чечкенге жол ачабыз.


Окуучулар 5-класстан баштап лексикология жана фразеологизмдер боюнча билим ала башташат. Сөз-бул тилдин негизги бирдиги. Сөздүн лексикалык мааниси, бир маанилүү жана көп маанилүү сөздөр, түз маанидеги жана кыйыр түрүндөгү сөздөр, омоним, синоним, антоним, макал-лакаптар, кыргыз тилиндеги сөздүктөр менен иштөө, булардын баарын кыргыз тили үйрөтөт.

Кыргыз тили предметин окутканда көнүгүүлөрдөгү көпчүлүк мисалдар адабий чыгармалардан алынат. Адабий чыгармаларды окуу аркылуу баланы психологиялык жактан тарбиялай баштайт. Кайсы жолду тандаса кандай ийгиликтер же болбосо кемчиликтер күтүлөөрүн аңдап ажыратып, ак менен караны, жакшы менен жаманды, калп менен чынды, жаратылышка кандай мамиле кылаарын, адамдарга кандай мамиле керектигин, мекенин сүйүүгө, коргоого, улууларды урматтап, кичүүлөрдү ызаттоого, дос менен душманды, жат менен тууганды ажыратып келечекте жакшы жолду тандап ага түшүүгө жардам берет.


Диалектилик сөздөр, историзмдер, неологизмдер, эскирген сөздөр, жаргондор, башка тилдерден кирген сөздөр, булардын бардыгы кыргыз тили предметин окутууда өтүлөт жана адабий чыгармаларды жазууда сөзсүз түрдө колдонулат. Кыргыз тили менен адабиятын интеграциялап окутуу кептин бардык түрлөрүн өстүрүүгө түрткү берет.

Тил-бул пикир алышуунун негизги куралы. Кыргыз тилинде окуу жүргүзүлгөн бардык мектептерде бардык сабактар кыргыз тили менен интеграцияланат. Биз интеграциялдап сабак өтүүдө эки же андан ашык предметтерди интеграциялап сабак өтсөк болот. Сабактарды интеграциялап өтүүдө да предметтерди бири менен бирин байланыштырып кетүүчү өзүнчө типтери бар. Мисалы:


1. Улоочулук, тутумдашып кетүүчү тиби. [1.28-б.]. Мында бардык сабактар бири менен бири интеграцияланып, бирини-бири улап толуктап, сабакты бирибиринен бөлүп карабастан бир бүтүндүктө алып кетет. Кыргыз тилиндеги фразеологизмдерди өтүүдө, кыргыз тили мугалими фразеологизмдер жөнүндө маалымат берип өткөндөн кийин, адабият предметинен берген мугалим «Манас» эпосу жөнүндө айтып өтөт жана эпостон алынган текст берилип андан окуучулар фразеологизмдерди табышат, алардын маанисин талкуулап синонимдерин табат, азыркы учурда колдонулуп жүргөн фразеологизмдерди айтып өтүшөт, андан кийин «Манас» эпосуна арналып 1962-жылы тартылган «Улуу эпос» деген тасманы көрсөтүүгө болот жана эпосту ушул мезгилге чейин жеткирген манасчылар жөнүндө маалымат бере алабыз [2.120-б.]. Бул типтеги сабакты өтүүдө бинардык сабактарды өтүү ыңгайлуу. (таблица №1)



2. Интеграциялоонун сейрек кездешүүчү тиби курчоочулук болуп эсептелинет [1.30-б.]. Мында негизги предмет кыргыз тили болуп, анын материалын толуктоо үчүн башка предметтер аз-аздан өз салымдарын кошуп, теманы толук бойдон ачып берүүгө аракеттенишет. Биз буга мисал катары «Манас» эпосун алсак болот. Эпостун мазмунун бардык сабактар менен интеграциялап өтүүгө болот. Кыргыз тилинде сан атоочторду өткөндө «Манастын төрөлүшүн» мисал катары колдонуп, бул тексттен сан атоочторду табуу үчүн окуучулар эң биринчи текстти окуп чыгышат, андан сан атоочторду табуу менен бирге эпос жөнүндө маалымат алышат (адабият), математикадан болсо бай Жакыптын бала төрөлгөндөн баштап канча чыгаша кылганын эсептеп чыксак болот (жентекте канча мал кетти, сүйүнчүгө канча мал берилди, баарын жалпылап эсебин чыгаруу) баатырдын төрөлүшү боюнча тартылган Т. Герцендин сүрөтүн колдонсок болот (сүрөт, атактуу сүрөтчүлөр боюнча маалымат алышат, [3.54-55-б., 60-б.]), окуя кайсы жерде өтүп жаткандыгын окуучулар менен чогуу картадан көрсөк болот (география), андан кийин тарыхка кайрылып Эне-Сай кыргыздары жөнүндө маалымат берүү, мындан сырткары биздин каада-салт боюнча маалымат алышат. Ушинтип бир эле сабактын ичинде ар тараптуу билим алууга болот. (таблица №2)




3. Жарыш байланыш тиби [1.28-б.]. Мында кыргыз тили менен адабияты параллель түрдө кетишет. Кыргыз адабий тилинин өнүгүү этаптарында пайда болгон стилдер жөнүндө маалымат бергенде бул типти колдонсок болот. Манастын образын көркөм сөз каражаттары аркылуу манасчы кантип чагылдырып берген, ошол жерин манасчынын айтуусу аркылуу дисктен уктуруу, же болбосо театрда ошол жерин кантип чагылдырып берген аны көрсөтүү, сүрөтчү сүрөтүндө Манасты кантип элестетип, анын мүнөзүн ачып берүү үчүн кандай боёкторду колдонгон. Мындан сырткары окуучуларга көркөм сөз каражаттарын колдонуу менен өздөрү Манастын образын окуп үйрөнгөндөрү аркылуу жаратып берүүгө, андан кийин ошол жараткан образдарын сахнада көрсөтүп берсе, же анын образын боёк аркылуу чагылдырып берсе болот. Окуучулар бир эле сабактын ичинде туура жазууга, көркөм сөз каражаттарын колдонуп чыгарма жаратууга, туура сүйлөөгө, кейипкердин образын сахнада диалог түрүндө чагылдырып берүүгө, боёк аркылуу кейипкердин образын чагылдырып берүүгө үйрөнүшөт. (таблица №3)




4. Аралаш тиби – бул интеграциялап окутуунун эң кеңири таралып, колдонулган тиби [1.29-б.]. Мындай тибине жогоруда айтылган типтердин бардыгы камтылып кетет.

Качан гана адамдын тили менен дили бир максатты көздөсө гана бир ийгилик жаралат деп ойлоймун, ушул сыңары эле биз «Манас» эпосунан алынган жети осуятты жаттатып эле балдарды Манастай кылып тарбиялай алабыз деген ойдон алысмын. Кыргыз тилин кыргыз адабияты менен, же болбосо жогорку окуу жайларында «Манас таануу», «Айтматов таануу» предметтери менен интеграциялап окутуу аркылуу окуучулардын, студенттердин ички сезимдерин ойготуп, адам болууга, жарандык милдетин аткарууга, айкөлдүүлүккө, кечиримдүүлүккө, сабырдуулукка, бөлүнбөй ынтымактуу иш жасоого, чынчылдыкка, жоопкерчиликтүү болууга тарбиялай алабыз.

Кыргыз тилин кыргыз адабияты менен интеграциялап окутуу аркылуу студенттерди, окуучуларды тилдик нормага ылайык сүйлөөгө, бирөөнүн оюн угууга, угуп эле койбостон ага макул же макул эместигин айтууга, өз оюн сунуштоого, туура суроо берүүгө, алган билимдерин практикалап көрүүгө, эркин сүйлөөгө, сөз байлыгын өстүрүүгө, көркөм сөз каражаттарын колдоно билүүгө, кыргыздардын басып өткөн жолун, тарыхын окуп үйрөнүүгө багыт беребиз.

***Адабияттар***

*1. Тешебаев.М. Кыргыз адабиятын интеграциялап окутуунун илимий – методикалык негиздери (5-7-класстар). Дисс.на соискание кан.пед.наук. –Б., 2010, 177 б.*

*2. Укуева Б. Манас таануу. -Ош, 2013-14. 172 б.*

*3. «Манас» эпосу 1-том / Сагымбай Орозбак уулунун варианты боюнча. -Ф.: Кыргызстан, 1979. 295 б.*